**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж.БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**жана И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК**
**УНИВЕРСИТЕТИ**

Д.13.16.527 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

*Кол жазма укугунда*
**УДК:613.98(276.0054)47**

**ТИЛЕКОВА НАЗИРА ДҮЙШӨБАЕВНА**

# МЕКТЕПТИН VII КЛАССЫНДА ЧЫГЫШ АДАБИЯТЫНЫН ҮЛГҮЛӨРҮН ОКУТУУНУН НЕГИЗДЕРИ
## (Муса Жалил, Расул Гамзатов, Назым Хикмет)

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен
методикасы (кыргыз адабияты )

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК-2016**

**Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин кыргыз филология кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин кандидаты, филология илимдеринин доктору, профессор **Турдугулов Али Турдугулович**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, доцент **Мусаева Венера Инятовна**

педагогика илимдеринин кандидаты **Турпанова Жылдыз Асыранбековна**

**Жетектөөчү мекеме:** Баткен мамлекеттик университетинин алдындагы социалдык-педагогикалык институтунун кыргыз тили жана тарых кафедрасы. Дареги: 720300. Кызыл-Кыя ш., Дехканская көчөсү,1.

Диссертациялык иш 2016-жылдын 25-ноябрында саат 13.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.13.16.527 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720023. Бишкек шаары, 10-кичи район, Камская көчөсү, 10а.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720040, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51.

Автореферат 2016-жылдын 24-октябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Омурбаева Д.К.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө ишинин актуалдуулугу.** Соңку жыйырма жыл аралыгында ар бир улут өзүнүн тарыхый басып өткөн жолун, келечектеги багытын аңдап өздөштүрүүдө өткөнгө кайрылуу, аларды келтирүү принциби менен туура багытта бара жатат. Кыргыз эли да түбү орток түрк урууларынан экендигин, ошол тарыхый жолду калыбына келтирүү керек экендигин сезгени мамлекеттик да, улуттук да өнүгүү багытын туура тандаганынан кабар берет, муну мектеп курагынан баштап жаш муундарга үйрөтүү маселеси күн тартибинде турат. Жалпы билим берүүчү орто мектептерде, мектепке чейинки мекемелерде, жогорку жана орто, кесиптик билим берүү мекемелеринде учурда жүргүзүлүп жаткан билим берүү жана тарбия процесстериндеги жаңылануу, ошону менен бирге, коомдун бардык башка тармактарында жүрүп жаткан инновациялык процесстер, өзгөрүүлөр кыргыз адабияты сабагында да окуучулардын алган билими менен билгичтиктерин, көндүм-адаттарын, социалдык жана маданий кызыкчылыктарын кайрадан карап чыгып, ар бир сабактын мазмунун, формаларын жана каражаттарын алардын турмушуна жакындаштыруу, анын натыйжасында, окуучунун көркөм-адабий, эстетикалык табитин, адабият сабактары аркылуу речь маданиятын калыптандыруу маселелери бүгүнкү күндө актуалдуу бойдон турат.

Мектеп окуучуларына улуттук адабий баалуулуктардын, көркөм дөөлөттөрдүн табиятын ачып, андагы мазмундук, формалык өзгөчөлүктөрдүн мыйзам ченемдүү көрүнүш экендигин кыргыз элинин тарыхый баскан жолуна, ошол жолду баяндап жазган улуу сүрөткерлердин, жазуучулардын, акындардын, ошондой эле коңшулаш өлкөлөрдүн жана боордош элдердин, батыш жана чыгыш адабиятынын өкүлдөрүнүн өмүрү, чыгармачылыгы менен таанышып, алардын чыгармаларын кыргыз адабияты сабагында окутуу иштери азыркы убакта актуалдуу маселелерден. Орто мектептин адабият сабагынын бешинчи класстан он биринчи класска чейинки системалуу курсунун окуу программасына киргизилип, окутууга сунуш кылынган түрк урууларынын адабиятынын өкүлдөрү Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикмет сыяктуу чыгыштын залкар акындарынын чыгармалары аркылуу мекенчил инсанды тарбиялоо, окуучунун Мекени, андагы көркөм дөөлөттөрдүн баалуулуктары үчүн кайдигер калбай турган атуулдарды тарбиялап, адабий билим берүүнүн мазмуну менен формаларын, каражаттарын жаңылоо маселеси башкы планда.

Кайсыл гана улуттун, элдин адабияты, искусствосу, маданияты болбосун ошол элдин өзүнө гана эмес, коңшулаш же тектеш, айрыкча, орток түрк элдердин дүйнө таанымын өздөштүрүүгө түздөн-түз жардам берет. Мына ушул жагдайдан алып караганда Кыргызстанда жашап, билим алып жаткан окуучулардын аң-сезимин өстүрүп, аларды

патриоттук духта тарбиялап, дүйнө таанымын жеткилең жетилтүүдө кыргыз адабияты менен кошо дүйнөлүк адабиятты, анын ичинде чыгыш адабиятынын мыкты үлгүлөрүн окуп-үйрөнүү негизги маселелерден. Чынында бул адабий билим берүүдөгү бир жактуулукту жоюу, башкача айтканда, кыргыз элинин адабий-эстетикалык көз карашындагы көп түрдүүлүктү чектөө орун алган советтик окутуу мамилесинен баш тартуу, өз элинин гана адабий мурастарын окутуу менен чектелбестен, чет элдик адабиятты окуп, андагы мыкты сүрөткерлердин, мыкты акын-жазуучулардын өмүрү, чыгармачылыгын окуп-түшүнүп, терең өздөштүрүү аркылуу окуучуларды турмуштун реалдуу чындыгын туя билип, алган билимдерин, билгичтиктери менен көндүм-адаттарын өз турмушунда максаттуу колдонууга, адабий чыгармаларга туура баа берүүгө негиз болуп бере алат. Мында боордош түрк элинин мыкты акыны Назым Хикметтин, татарлардын патриот акыны Муса Жалилдин, аварлардын ардактуу акыны Расул Гамзатовдун чыгармаларын окуп-үйрөнүү аркылуу жаш муундарды эгемендүү Кыргызстандын желегин желбиретип, бийик көтөргөн, элинин эртеңки, келечеги үчүн күйүп-жанган мекенчил болууга тарбиялоо зарылдыгы келип чыгууда.

Кыргыз элинин көркөм-эстетикалык баалуулуктарын мектеп окуучуларына жеткирүү, башкача айтканда, "Манас" эпосу башында турган көөнө тарыхты боюна сиңирген оозеки чыгармачылыксыз, кыргыз адабий чыгармачылыгында өзгөчө орунда турган акын-жазуучулардын, ошону менен катар боордош элдердин, чыгыш жана батыш элдеринин акындык-жазуучулук дүйнө таанымын окутпай туруп жаштарга көркөм-адабий жана эстетикалык билим берүүнү уюштуруу мүмкүн эмес. Кыргыз элинин эпикалык мурастарын («Манас» үчилтиги, кенже эпостор, элдик жомоктор, Ч.Айтматов, Т.Касымбеков, А.Осмонов, Т.Сыдыкбеков, А.Токомбаев, Т.Үмөталиев ж.б.), түрк элдеринин орток мурастарын (Ж.Баласагын, М.Кашгари), орус турмушунун реалдуу картиналарын сүрөттөгөн орус элинин классик акын-жазуучуларынын чыгармаларын (И.А.Крылов, А.С.Пушкин, И.С.Тургенев, А.П.Чехов ж.б.), чыгыш элинин өкүлдөрүнүн чыгармаларын (Р.Гамзатов, М.Жалил, Г.Низами, Ш.Руставели, М.Саади, Н.Хикмет) окутуу менен окуучулардагы улуттук руханий көрөңгөнү толуктоо менен, келечектин ээси болгон жаш муунду өз өлкөсүнүн мекенчил атуулдарынан болушуна чакырык салып, алардын адабий ой жүгүртүүсүнүн ар тараптуу жана туура жетилишине кам көргөн болобуз. Демек, жогорудагы саналып өткөн акындардын, анын ичинде чыгыш классикалык адабиятынын бараандуу өкүлдөрү эсептелген Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун чыгармаларын окутуунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу, анын педагогикалык бирдиктүү бир системасын түзүү бул багыттагы иштерди толук аткаргандык экендигин айкындайт.

**Проблеманын изилдениш деңгээли.** Биздин изилдөөбүздүн темасына байланыштуу маселеге келсек, айрым гана окумуштуу методисттердин, айталы, С.Момуналиевдин «Назым Хикметти үйрөнүүнүн айрым жолдору», В.Акматованын «Н.Хикметтин поэзиясындагы атуулдук-этикалык тема» макалалары гана болбосо, атайын изилдөө болгон эмес. Адабий-теориялык багытта гана айрым изилдөөлөр бар. Дидактикалык принциптерге ылайык адабиятты окутууда, окуучуларга адабий билим берүүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрү, окуучулардын куractык, табигый жана чыгармачылык жөндөм-шыгына ылайык түрдүү методдорду, формаларды, кырдаалдары колдонуп иш жүргүзүү милдети турат. Мына ошондой окутуунун өзөгүн, ириде, педагогика жана психология илимдери түзөт. Демек, окуучулардын руханий жактан калыптануусун заман талабына ылайыктап жүргүзүү, улуттук баалуулуктар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды бирдикте интеграциялоо, алар аркылуу окуучуну турмушка даярдоо, эстетикалык, тилдик сабаттуу тарбия берүү педагогика илиминде бир кыйла терең изилденген. Алсак, А.С.Макаренко, Г.И.Песталоцци, Ж.Ж.Руссо, В.А.Сухомлинский сыяктуу бир катар улуу педагогдордун эмгектеринде билим жана тарбия берүү менен, баланын инсандыгын, андагы сапаттарды калыптандыруудагы негизги маселелер каралган. Мектеп окуучусун тарбиялоодо анын коомдогу ордун, иш-аракетин, жөндөмүн жана психикалык абалын өздөштүрүп, ага карата окутуунун түрдүү методдорун колдонууга психология илими да жардамга келет. Бул маселеде Л.С.Выготский, Л.В.Занков, В.А.Сластенин, М.Н.Скаткин, И.Ф.Харламов, сыяктуу педагогдордун, психологдордун илимий эмгектерине кайрылууга туура келет. Педагогика жана психология боюнча жогоруда саналган окумуштуу педагог-психологдордун эмгегин жетекчиликке алуу менен, орус окумуштууларынын жоон тобу окуучуну инсан катары калыптандыруу маселесине арналган изилдөөлөрдү жаратышкан. Аларга: Л.С.Айзермандын, Ф.И.Буслаевдин, А.А.Липаевдин, З.Я.Рездин, М.А.Рыбникованын ж.б. эмгектери мисал боло алат.

Кыргыз адабиятын теориялык жактан изилдөө кыйла жакшы жолго коюлуп калгандай. Ал эми мектепте окутуунун методикасына Б.Алымов, С.Байгазиев, С.Батаканова, К.Иманалиев, Н.Ишекеев, К.Кенжешов, С.Момуналиев, А.Муратов, Б.Оторбаев, С.Сакиева, Д.Саалиева, С.Рысбаев, А.Турдугулов сыяктуу бир топ окумуштуулар өздөрүнүн изилдөөлөрү менен салым кошушту.

Адабий-көркөм чыгармаларды жанрдык спецификасы боюнча окутуу маселелерин изилдеген бир нече илимий эмгектер пайда болду. Алсак, адабияттын теориясын окутуу боюнча И.Исамидиновдун, А.Муратовдун; прозалык чыгармаларды окутуу боюнча Н.Ишекеевдин; драмалык чыгармаларды окутуу боюнча С.Батаканованын; лирикалык чыгармаларды

окутуу боюнча С.Момуналиевдин; акындар поэзиясын окутуу боюнча А.Турдугуловдун, баатырдык эпосторду окутуу боюнча Б.Оторбаев менен Д.Саалиеванын, поэмаларды окутуу боюнча А.Эшиевдин; повесттерди окутуу боюнча О.Шаимкуловдун; романдарды окутуу боюнча М.Ибраеванын эмгектери жарык көрүп, практикага киргизилген. Ал эми орто мектепте Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгын окутуу иштери лирикалык чыгармаларды окутуунун жалпы маселелеринде кыйыр түрдө кепке алынбаса, өз алдынча изилдөөнүн объектиси боло элек. Алардын чыгармачылыгын окутууну, алар жараткан көркөм текстти үйрөнүү – окуучулардын жаш курагына дал келүүчү психологиялык, дидактикалык принциптерди айкалыштыруу менен окутуунун технологиясын иштеп чыгуу биздин изилдөөбүздүн обьектиси менен предметине кирет. Изилдөөдөгү негизги маселе биз сөз кылып жаткан акындардын чыгармаларын ар тараптан талдоого алуу менен окуучуга адабий-эстетикалык билим берүүнүн оптималдуу жолдорун таап, мектеп практикасына сунуштоо жана көркөм чыгарманын көркөм-эстетикалык нарк-дөөлөтү аркылуу Кыргызстандык ар бир жаранды руханий дүйнөсү бай, адабий түшүнүгү кеңири, мекенчил сезими жогору өлкөнүн эртеңки келечегине кам көргөн атуулду тарбиялоо маселесин жөнгө салуу милдети турат.

**Изилдөөнүн максаты:** Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин чыгармачылыгын бүгүнкү күндүн талаптарына ылайык окутуу, окуучуларга адабий-билим берүүнүн бирдиктүү багытын, бир бүтүн системасын аныктоонун педагогикалык, илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу. Белгиленген максатты ишке натыйжалуу ашыруу үчүн диссертацияда төмөнкүдөй **милдеттер** аныкталды:

- чыгыш адабиятынын ири өкүлдөрүнүн чыгармаларынын орто мектептин окуу программаларында, окуу китептеринде жана илимий-теориялык, методикалык адабияттарында берилиш абалына кеңири анализ жасоо;
- чыгыш адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармалары аркылуу мектеп окуучуларына адабий-эстетикалык билим берүүнүн педагогикалык-методикалык негиздерин аныктоо;
- Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин чыгармаларын заманбап технологиялар менен окутуунун ыкмаларын иштеп чыгуу;
- сунуш кылынган заманбап методикалык ыкмаларды эксперименттик-тажрыйбалык жолдор менен сыноодон өткөрүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**. Буга чейин мектеп программасы сунуш кылган чыгыш адабиятынын үлгүлөрүнүн, анын ичинде Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин өмүрү, чыгармачылыгын окутуунун илимий-методикалык негиздерин түзүп, аталган акындардын чыгармаларындагы адабий билим берүү проблемасын көтөргөн өз алдынча бир да эмгек болгон эмес. Бул изилдөөдө чыгыш адабиятынын

үлгүлөрүнүн мисалында адабий билим берүүнүн теориясы жана практикасы биринчи жолу системага салынып олтурат, Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин өмүрү, чыгармачылыгын окутуунун дидактикалык үлгүсү алгачкы жолу иштелип, окуу процесси үчүн педагогикалык технологиясы сунуш кылынды.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:** Изилдөөнүн жүрүшүндө Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин өмүрү, чыгармачылыгын жана адабий мурастарын окутуунун илимий-методикалык мазмуну менен формасы аныкталды, аны окуу процессине колдонууга карата оптималдуу варианттары сунуш кылынды. Изилдөөдөн келип чыккан натыйжаларды мектеп программалары менен окуу китептеринин мазмунун өркүндөтүүгө, мектепте окутуу-тарбиялоо процессинин негизги формасы болгон күндөлүк сабакты жандуу жана кызыктуу уюштуруу ишине пайдаланса болот. Иштин мазмуну адабият сабагында аталган акындардын чыгармачылыгы боюнча лекцияларды уюштурууга, атайын курстар менен атайын семинарда ушул багыттагы проблеманы терең анализдөөгө, жогорку окуу жайларында, мугалимдердин билимдерин өркүндөтүүнүн курстарында, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча лекцияларда, практикалык сабактарда колдонсо болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор**:

• Мектептин VII класстарында Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин чыгармачылыгын жана лирикалык чыгармаларынын негизинде адабий-эстетикалык билим берүүнүн максаттарына жана талаптарына ылайык адабий-теориялык билим берүүнүн жалпыланган жыйынтыкка ээ илимий-методикалык негиздери жана дидактикалык үлгүсү;

• Окутуунун максаты менен милдеттерине ылайык Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин адабий чыгармаларын сабактарда талдоонун натыйжалуулугун арттыруунун педагогикалык принциптери;

• Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин чыгармаларын окутууда чыгарманын идеялык мазмунун түшүнүү жана окуучулардын адабий-эстетикалык сезимин калыптандыруунун теориялык аспектилери.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**: Орток түрк элдеринин классикалык адабий мурастары болгон чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн Муса Жалил, Назым Хикмет, Расул Гамзатовдун мурастары аркылуу мектеп курсунда окутуунун теориялык жана практикалык натыйжалуу жолдорун, мазмунун, формасын жана каражаттарын иштеп чыгуу, иштелип чыккан методиканы эксперименттик сыноодон өткөрүү жана мектеп практикасына сунуш кылуу диссертанттын өз алдынча жеке салымы катары каралат.

**Изилдөөнүн базалык негизи** катары Ош шаарындагы Ж.Бөкөнбаев атындагы № 5 гимназия-мектеби, «Кыргыз-Түрк достугу» атындагы № 52 орто мектеби, № 42 «Керме-Тоо» мектеп-гимназиясы, Бишкек

шаарындагы № 64 гимназия орто мектеби, Ысык-Ата районундагы А.А.Айдаралиев атындагы «Кайырма» орто мектептери алынды.

Эксперименттик иштер 2010-2015-окуу жылдар аралыгында 3 этапта (байкоо жүргүзүү, аныктоочу-окутуучу, жыйынтыктоочу) жүргүзүлдү.

Адегенде, орто мектептин окуучулары жана мугалимдери менен аңгемелешүү өткөрүлүп, сурамжылоо иш-чаралары уюштурулду. Эксперименттик иш-чаралар аркылуу изилдөөгө алынган иштин илимий божомолунун канчалык туура экендигин, чыгыш адабиятынын ири өкүлдөрү Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда интерактивдүү окутуунун канчалык ишке ашып, кандай ийгиликтерге жетип жаткандыгын билүү максатында эксперименттин **байкоо жүргүзүү** (**2010-2012-жылдардын аралыгында**) этабын ишке ашырдык.

**Экинчи этап** аныктоочу-окутуучу эксперимент **(2012-2014-жылдары)** деген аталышта аткарылып, жогоруда аткарылган иштерди жалпылаштыруу, анда аткарыла турган иш-чараларды тактоо маселелерин ичине алды. Ошондой эле орто мектептердин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери менен темага таандык маселелер боюнча аңгемелешүүлөр, методикалык практикалык иштер өткөрүлүп, Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин чыгармачылыгына арналган өзүбүз иштеп чыккан план-конспектилер берилип, аны колдонуу менен сабактын өтүлүшү, күтүлгөн жыйынтыктын оң-терс натыйжалары такталды; аталган акындардын чыгармачылыгын интерактивдүү окутуунун дидактикалык жана адабий-эстетикалык негиздерин аныктоо жана өзүбүз иштеп чыккан методиканы апробациялоого (окутуу, практикага киргизүү) аракет кылдык.

Эксперименттин **жыйынтыктоочу (2014-2015-жылдарда жүргүзүлгөн)** этабында VII класстын кыргыз адабияты сабагында Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутуунун мазмунун мүмкүн болушунча так аныктоонун теориялык да, практикалык да мааниси зор экендигине толук ынанып, окуучулардын биз сөз кылып жаткан акындардын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча ала турган билимдеринин мазмунун интерактивдүү окутууга ыңгайлаштыруу үчүн методикалык сунуштарыбыздын, ой-корутундуларыбыздын аныктыгын кайрадан бир жолу текшерүүдөн өткөрдүк, изилдөөнүн корутундуларын жазып, жалпы жыйынтыгын чыгардык.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары боюнча адабий-теориялык, педагогикалык жана методикалык макалалар «Эл агартуу» республикалык илимий-практикалык жана методикалык журналынын, «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана», «Известия ВУЗов Кыргызстана» республикалык илимий-теориялык журналдын, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, ОшМУнун кабарларынын

беттеринде, республикалык жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда илимий баяндамалар түрүндө талкууланды.

**Изилдөөнүн толук жарыяланышы:** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча 12 илимий-методикалык макала жарыяланды, алардын үчөөсү чет өлкөнүн басылмаларынан, баары КРдин ЖАКы сунуш кылган басылмалары.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** диссертация киришүүдөн, үч главадан жана ар бир главадан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутунду-жыйынтыктан, библиографиядан жана тиркемелерден турат, көлөмү – 196 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациялык изилдөөнүн **«Мектепте классикалык чыгыш адабиятын окутуунун жалпы методологиялык маселелери»** аталган биринчи главасында чыгыш адабий мурастарын окутуунун педагогикалык мазмуну жана формалары тууралуу жалпы педагогикалык, дидактикалык, жеке методикалык маселелер каралган. Окутуунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу багытындагы изилдөөлөрдүн ички мазмуну менен табиятына ылайык чыгыш адабиятынын үлгүлөрүнүн кыргыз адабиятынын мектеп программасында сунуш кылынышы, андагы программалык сунуш-аннотациялар, саат өлчөмү, аталган адабий үлгүлөрдүн окуу китептеринде берилиши сыяктуу маанилүү маселелер главанын экинчи параграфында кенен каралды.

Мектеп курагындагы окуучуну тарбиялоодо, ага натыйжалуу билим берүүдө педагогика менен психология илимдери үзөңгүлөш болуп, бири-бирин толуктап турган илимдерден экенин, коомдун толук кандуу аң-сезимдүү адамы жакшы окуп, терең билим алып, татыктуу тарбияланып, үйрөнүп, өзүн-өзү көзөмөлдөп жана жетектеп туруу – анын психологиясынан көз каранды экендигин, бул багытта билим берүү, тарбия жөнүндөгү маселелерге орус окумуштуулары, кыргыз илимпоздору, чет өлкөлүк, дүйнөлүк окумуштуулар, педагогдор менен психологдордун изилдөөлөрүн жетекчиликке алып, чыгыш адабиятынын мурастарын окутуунун педагогикалык жана психологиялык концепцияларын аныктоого аракет жасалды.

Кыргыз мектептеринде адабий билим берүүнүн илимий-теориялык жалпы маселелери орус жана жалпы түрк тилдүү элдердин адабиятын окутуу боюнча окумуштуу, методист адистердин эмгектерине таянуу менен иштелип чыккандыгын жашырууга болбойт. Ал эмгектер кыргыз адабиятын окутуу методикасын иштеп чыгууда негиз катары пайдаланылып, бир катар кыргыз методист окумуштуулардын эмгектери жарык көргөндүгүн, ал эмгектер учурда КРнын билим берүү жаатындагы орду тууралуу кенен сөз кылдык. Кыргыз адабиятын окутуу методикасын

иштеп чыгууда окумуштуулардын алдыңкы сабында турган Б.Алымов, С.Байгазиев, С.Батаканова, К.Иманалиев, Н.Ишекеев, К.Кенжешов, С.Момуналиев, А.Муратов, Б.Оторбаев, С.Сакиева, Д.Саалиева, С.Рысбаев, А.Турдугулов сыяктуу окумуштуулардын жоон тобу өздөрүнүн методикалык ыкмаларын иштеп чыгышканын, ал эмгектер кыргыз адабиятын жалпы билим берүүчү орто мектептерде окутуунун илимий-методикалык негизде түрдүү тематикада аткарылган баалуу эмгектер экендиги айтылды.

Адабиятты окутуунун мектеп программасы – бул мамлекеттик документ, анда мамлекеттик стандартка ылайык билим берүүнүн мазмуну, көлөмү жана өлчөмү чагылдырылган. Ал мамлекеттик документ болуу менен бирге, билим берүүнүн мыйзамдарын сактап, мугалимдин ишмердүүлүгүндө негизги жол көрсөткүчтүн милдетин аткарат. КРнын аймагында Кыргызстандын келечеги болгон жаш муундарга билим берип жаткан жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V-XI класстары үчүн түзүлгөн, Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин чечими, КРнын Билим берүү жана илим министрилигинин буйругу менен бекитилген «Кыргыз адабиятынын программасы» тууралуу диссертацияда кенен сөз кылдык. Адабияттык окуу курсунда (V-VII класс) сөз болуп жаткан акындардын өмүрү, айрым чыгармаларынын берилиши көркөм чыгармаларды тандап алуудагы программаларга коюлуучу талап-критерийлерге, чен өлчөмдөргө туура келет. VII класста көркөм чыгармаларды окуп-үйрөнүү үчүн – 75 саат, класстан тышкары окулган чыгармалар боюнча аңгеме жүргүзүү үчүн – 7 саат, сөз өстүрүү, жазуу иштери үчүн – 18 саат, кайталоо жана жыйынтыктоо үчүн – 2 саат, бардыгы 102 саат көлөмүндө, турмуштун көп түрдүүлүгү, анын адабиятта көркөм чагылдыруунун формалары, көркөм сөз өнөрүнүн башкы касиети – образдуулук сыяктуу маселелерди толук чагылдыруу максатында бөлүмдөр киргизилген. Бул бөлүмдөрдө биздин диссертациялык ишибизге түздөн-түз тиешеси бар бөлүм – чыгыш адабиятынан деген бөлүм. Анда Н.Хикметтин чыгармаларына – 2 саат, М.Жалилдин чыгармаларына – 3 саат, Р.Гамзатовдун чыгармасына – 3 саат каралган. VII класста башка класстарга салыштырмалуу чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн окутууга көбүрөөк саат каралган. Программада чыгыш адабиятынын үлгүлөрүнүн аталган класста берилиши хронологиялык, тематикалык принциптерди, чыгармаларды адабий-тарыхый негизде үйрөнүүнүн негизинде каралган.

Диссертациянын экинчи главасы **«Чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн окутуунун педагогикалык мазмуну жана формалары»** аталып, республиканын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин жетинчи класстарында Назым Хикмет менен Муса Жалилдин адабий мурастарын салттуу жана интерактивдүү жолдор менен окутуунун технологиялары сунуш кылынды. М.Жалилдин чыгармачылыгы орто

мектептин VII классынын окуу жүгүндө «Классикалык чыгыш адабиятынан» деген бөлүмгө кирип, анда М.Саади, Н.Хикмет, Р.Гамзатовдордун чыгармачылыгы менен кошо окутулуп, анын «Алман элинде», «Ишенбе», «Эрк», «Айрылуу», «Ачынуу саптары», «Кул», «Доско», «Белегим» деген чыгармаларын окутуу каралган. Ошону менен катар, учурдагы билим берүү системасынын бардык тармактарында жүрүп жаткан жаңылануулардын адабият сабагынын окутулушуна да жаңы багыттарды, идеяларды, ыкмаларды киргизип жаткандыгы тууралуу сөз кылып, адабият мугалиминин ишмердүүлүгү кандайча болуу керек? деген суроонун айланасында ой толгоп көрдүк. Башка предметтик сабактардан айырмаланып, адабият сабагында – жазуучунун же акындын өмүрү, чыгармачылыгы жана чыгармаларын талдоо – окуучунун да, мугалимдин да чыгармачылык ишмердүүлүгүн талап кылаары тууралуу кеңири сөз кылдык. Ал эми **«Мектеп курсунда чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн окутуунун педагогикалык натыйжалуулугун арттыруунун жолдору»** деген жыйынтыктоочу главада окуучулардын мекенчил сезимдерин калыптандыруу максатын көздөгөн сабактардын мазмуну, формалары жана каражаттары Расул Гамзатовдун адабий мурастары аркылуу чечилди. Главанын жыйынтыктоочу параграфы республиканын мектептеринде өткөрүлгөн тажрыйбалык-эксперимент иштеринин жүрүшү, анын жыйынтыктары тууралуу сөз болду.

Эксперименттик иштер 2010-2015-окуу жылдар аралыгында 3 этапта (байкоо жүргүзүү, аныктоочу-окутуучу, жыйынтыктоочу) жүргүзүлдү. Адегенде эксперименттик иш-чаралар аркылуу изилдөөгө алынган иштин илимий божомолунун канчалык туура экендигин, чыгыш адабиятынын ири өкүлдөрү Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда салттуу жана интерактивдүү окутуунун канчалык ишке ашып, кандай ийгиликтерге жетип жаткандыгын билүү максатында эксперименттин байкоо жүргүзүү этабын 2010-2012-жылдардын аралыгында жүргүздүк. Мектеп мугалимдеринин VII класстагы кыргыз адабияты сабагында «Классикалык чыгыш адабиятынан» деген бөлүмдөгү Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарында колдонгон ыкмалары, дидактикалык, адабий-эстетикалык, адабий-теориялык булактары, билим берүүдө маанилүү деп эсептелинген көз караштары, окутууну жаңылоого тийиш болгон педагогикалык мамилелери, инновациялык-интерактивдүү окутуу ыкмаларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жана чеберчиликтери, жаңычыл окутуу ыкмаларын пайдаланууга тоскоол болгон көрүнүштөр айкындалды. Сабактын мазмунун жана формасын аныктоочу дидактикалык принциптер, окуучуларга карата мугалимдердин мамилеси, сабактагы илимий-педагогикалык негиздер, окуучулардын сабакка катышуусу, сабакты

өздөштүрүү деңгээлдери, кызыгуулары, окуучулардын билимин баалоо жана андагы психологиялык абал, муктаждыктары такталды.

**Таблица 1.** - Эксперименттин алгачкы этабындагы окуучулардын билим-билгичтиктеринин көрсөткүчү

| | |
|---|---|
| Максаты | Мектептин VII классындагы Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактардын айырмачылыктарын байкап, алардын ортосундагы жалпылыктарды аныктап, учурда мектеп практикасында аткарылып жаткан иштерди үйрөнүү;<br>изилдөөнүн илимий божомолун иштеп чыгуу. |
| Милдети | Эксперименттик иштерди жүргүзүүнүн негизин аныктоо, аны жүргүзүүнүн жолдорун, максаттарын, милдеттерин тактоо. |
| Изилдөө методдору | Педагогикалык байкоо жүргүзүү; алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү, изилдөө, талдоо, жалпылаштыруу; тиешелүү маалыматтарды жыйноо, анализдөө;<br>окуучулардын сабакка карата болгон катышуу, жетишүүсүн аныктоо. |
| Изилдөнүн натыйжалары | Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгын окутуунун теориялык жана практикалык маселелеринин бүгүнкү абалы аныкталды; алдыңкы мугалимдердин тажрыйбалары үйрөнүлдү, талданды; аталган акындардын чыгармачылыгына арналган сабактарды уюштурууга карата мугалимдердин теориялык суроо-талаптары, муктаждыктары такталды;<br>окуучулардын билими, билгичтиги, өздөштүрүү деңгээлдери, кызыгуулары, мүмкүнчүлүктөрү аныкталды. |

Эксперимент учурунда пайдаланылган байкоо, изилдөө, аңгемелешүү, анкета алуу, сабактарга катышуу сыяктуу бир катар иш-чаралар VII класста кыргыз адабияты сабагында чыгыш адабиятынын өкүлдөрүнүн өмүрү, чыгармачылыгын өтүүдө мугалимдер кантип даярдана тургандыгын, кандай маалыматтык булактарга жана багыттарга таяна тургандыктары, адабий-теориялык деңгээлдерин да аныктоого мүмкүнчүлүк түздү. Алынган жоопторду, маалыматтарды анализдеп, жалпылаштырып, төмөнкүдөй жыйынтыктарга келдик:

• Айрым мугалимдер аталган сабактарда салттуу методдорду гана колдонуп, ал эми интерактивдүү, инновациялык ыкмаларды колдонууну аз пайдаланыша тургандыгы билинди;

• Жаңычыл багыттагы ыкмалардын негизги концепцияларын жеткиликтүү түшүнбөгөндүктөн, көпчүлүк мектептердин кыргыз адабияты сабактарында Назым Хикметтин, Муса Жалилдин, Расул

Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү, инновациялык сабактар анча ийгилик бере электиги байкалды;

• Адабият сабагында чыгыш адабиятынын өкүлдөрүнүн өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутууга илимий-педагогикалык булактардын жетишсиздиги аталган концепциянын учурдагы адабий-эстетикалык билим берүүгө ыңгайлаша электигин, массалык түрдө бардык мектептерде аталган акындардын чыгармачылыгын интерактивдүү багытта окутуунун теориялык, практикалык, илимий-методикалык негиздери – билим берүү системасы талап кылган натыйжаларга ээ боло электигин көрсөттү;

• Жүргүзүлгөн сурамжылоо анкеталарынан адабият сабагы боюнча окутуунун жаңы ыкмалары (инновациялык, интерактивдүү окутуу) тууралуу методикалык семинарлар, тренингдер өтө аз боло тургандыгы айкындалды;

• Интерактивдүү окутуунун теориялык жана практикалык маселелери боюнча методикалык көрсөтмөлөрдүн зарылдыгын, ал эми мындай методикалык эмгектер кыргыз тилинде жетишсиздиги аныкталды;

• Мындай абал жаңы окутуу ыкмалардын аткарылышына карата мугалимдердин илимий-методикалык, илимий-педагогикалык, дидактикалык суроо-талаптарын, муктаждыктарын канааттандырууга карай активдүү иш-аракеттерди жүргүзүү зарыл экендигин тастыктады;

• Кыргыз адабияты мугалимдери азыркы окуу процессине жаңыдан кирип жаткан интерактивдүү окутуунун теориялык базасы менен анча кабардар эместиги, анын натыйжасында, жаңычыл сабактарды өтүү үчүн сабактардын типтерин, түрлөрүн, салттуу сабактар менен интерактивдүү сабактардын концептуалдуу айырмачылыктарын аныктап билүүдө чектелүү түшүнүктөргө ээ болуп жатышы интерактивдүү сабактарды өтүүгө тоскоол болуп жаткандыгы ачыкталды.

Иштин байкоо жүргүзүү этабына Ош жана Бишкек шаарынын орто мектептеринин мугалимдеринен 14 педагог катышты. Изилдөөгө ар түрдүү мектептер тартылганын, анда мугалимдер менен бирдикте окуучулар катышкандыгын эсепке алсак, изилдөө объектиси кеңири масштабда болгон деп айтууга негиз бар.

Изилдөөнүн экинчи этабы (аныктоочу-окутуучу эксперимент) 2012-2014-жылдары аткарылып, жогоруда аткарылган иштерди жалпылаштыруу, анда аткарыла турган иш-чараларды тактоо маселелерин ичине алды. Бул этаптын алдына төмөнкүдөй максат коюлду: адабият сабагында Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутуунун дидактикалык жана адабий-эстетикалык негиздерин аныктоо жана өзүбүз иштеп чыккан методиканы апробациялоо иштери жүрдү.

Аныктоочу-окутуучу экспериментти ишке ашырууда төмөндөгүдөй изилдөө методдорун колдондук: аңгемелешүү, сурамжылоо-анкетасын алуу, сабактарга катышуу, аларды талдоо, өзүбүз иштеп чыккан методика боюнча сабактардын моделин, план-конспектисин түзүү, аны менен сабак өтүү, өтүлгөн сабакты талдоо, окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү, окуучулардын жазуу иштерин (дил баян) текшерүү, билим деңгээлин баалоо. Диссретацияда сурамжылоо-анкетасынын үлгүсү берилген, илимий иштин көлөмүнүн чектелүү болгондугуна байланыштуу берилген сурамжылоо-анкетасынын бир гана үлгүсүн сунуштадык. Алынган жооптор изилдөөнүн мазмуну, максаты жана милдети үчүн чоң жардам берди. 10-суроодо «мультимедиа» деген түшүнүк колдонулду.

Мультимедиа – (англис тилинен «multi» – көп / много; «media» – чөйрө / среда) – көрмө жана үндүү маалыматтык башкаруу менен интерактивдүү программалык камсыздандыруучу заманбап техникалык жана маалыматтык каражаттар (1-сүрөттү караңыз). Аларга бир цифралык көрсөтүүдөгү видео материалдар, тексттер, үн, сүрөттөр, графика жана башкалар кирет. Мисалы, бир объект-контейнер – текст, үн, графикалык жана видео маалыматтарды жана алардын өз ара интерактивдик алакаларын камтыйт.




**Сүрөт 1. – Мультимедиа каражаттарын пайдалануунун тартиби жана андагы негизги көрсөткүчтөр**

Аныктоочу-окутуучу эксперименттеги негизги маселе – сабактарга катышуу процесси. Сабактын жүрүшүн, уюштурулушун, мугалим менен окуучунун мамилелерин, коммуникациялык атмосфераны, материалдарды өздөштүрүүдөгү педагогикалык жана психологиялык абалды, окуучулардын билим деңгээлин жана мугалимдин профессионалдык кесипкөйлүгүн байкоо максатында – сабакка катышуу процесси жүргүзүлөт.

Сабактарга катышуу менен – мугалимдин сабакка мамилеси, теориялык жана методикалык билим деңгээли, өтүлө турган теманы өздөштүрүүсү, сабакты уюштуруудагы чыгармачылыгы, көрсөтмө куралдарды жана

таркатма материалдарды жасалгалашы, техникалык каражаттарды колдонуусу, сабактын максаты менен милдетин туура коюшу, окуучулардын психологиялык абалы, жаш өзгөчөлүктөрүнө, социалдык абалына карап мамиле кылышы, башкача айтканда, аудиторияны өзүнө тарта билүүсү сыяктуу көптөгөн маселелерди аңдап-биле алдык.

Аныктоочу-окутуучу эксперименттин дагы бир миссиясы болгон – окуучулардын жазуу иштерин текшерүү. Адатта, жазуу иштерине жат жазуу, изложение, ой толгоо, эссе, дил баян, эскерүү, долбоор түзүү ж.б. кирет. Мына ушулардын ичинен, биз сөз кылып жаткан акындардын чыгармачылыгын окутууда, деги эле адабият сабагында эң көп колдонулуучу жазуу иши – бул «Дил баян» жазуу. Адегенде акындардын өмүр баяндарын, андан соң анын ырларын окуп чыгышкан окуучулар, ырлардагы же чыгармадагы жан дүйнөсүнө тереңден таасир эткен маселелер боюнча каалаган темада дил баяндарды жазышат.

Аныктоочу-окутуучу экспериментте баардык иштин жыйынтыгын чыгарып, окутуу процессинин акыркы аялдамасын аныктоочу дагы бир маселе – окуучулардын билим деңгээлин баалоо. Мугалимдин баа коюусу, же окуучунун баа алуусу өтүлгөн теманы бышыктоодо, өздөштүрүүдө жыйынтык катары милдет аткараары баарыбызга маалым. Демек, окуучунун билимин баалоо иши жөн салды эле иш эмес. Практикада, окуучунун билимин баалоонун төмөндөгүдөй түрлөрү колдонулат: 1. Нормативдик жол менен баалоо, бул программада каралган материалды өздөштүрүү нормаларына жараша баалоо болуп саналат; 2. Салыштыруу аркылуу баалоо, окуучунун билимин башка окуучу менен салыштырып баалоо; 3. Окуучунун инсандыгын эске алып баалоо, мында окуучунун мурдагы жетишкендиги учурдагы ийгилиги менен салыштырылат. Саналып өткөн баалоонун түрлөрү окутуудагы динамиканы белгилейт, башкача айтканда, мугалим өзү берген билимине окуучунун кайтарым байланыш жасоосун жана күтүлүүчү натыйжалардын деңгээлин аныктоодо жардамга келет. Изилдөөбүздүн темасы боюнча өтүлгөн бардык сабактын жыйынтыгы жогорудагы баалоонун критерийлерин сактоо менен жүргүзүлдү. Жогоруда саналып өткөн иш-чараларды жүзөгө ашыруу аркылуу төмөнкүдөй натыйжаларды алдык:

• Сабакта Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыктарын салттуу жана интерактивдүү окутуу багытындагы иш-чараларды: сабакты уюштуруу, теориялык маалыматтарды берүү, адабий анализ жасоо, эстетикалык жана көркөм дөөлөттөрдү аныктоо, кыргыз адабиятын окутуу маселелерине таандык илимий-методикалык даярдыктар, мугалимдердин сабакка карата даярдыктарын аныктоо максатында педагогикалык эксперименттерди жүргүзүү, изилдөө, аңгемелешүү, анкета өткөрүү, сабактарга катышуу, кызыккан сабактардын план-конспектиси менен жакындан таанышуу сыяктуу методдору

проблеманы аныктоо талабына, окутууга, маселени чечүү мүмкүнчүлүгүнө жараша пайдаланылды.

• Алынган жооптор, практикалык иш-чараларда аныкталган көрүнүштөр чыгыш адабиятынын ири өкүлдөрү болгон Назым Хикметтин, Муса Жалилдин, Расул Гамзатовдун өмүрү менен чыгармачылыгын окутууда, ошондой эле, жалпы кыргыз адабияты сабактарында интерактивдүү окутуу өзүнчө бир система катары же жаңычыл форма менен мазмунга ээ болгон илимий-методикалык негиз катары иштелип чыга электигин көрдүк.

• Аталган акындардын өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутуунун формалары, ыкмалары иштелип чыкты, ал ыкмаларды практикага киргизүү максатында бир нече сабактар өтүлүп, апробацияланды жана илимий-методикалык негиздери түзүлдү.

• Өткөрүлгөн сабактар илимий иштин божомолун аныктоо үчүн тиешелүү деңгээлде уюштурулуп, күтүлгөн жыйынтыктар биз ойлогондой болду.

VII класстын кыргыз адабияты сабагында Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутуу, аталган акындардын чыгармачылыгындагы адабий-эстетикалык көз караштарды үйрөтүү багытындагы эксперименттин аныктоо этабы, андагы байкоо жүргүзүү, изилдөө аталган этапта жыйналган маалыматтар, келип чыккан натыйжалар изилдөөнүн илимий божомолуна бир катар олуттуу толуктоолорду киргизүүгө негиз болду. Иштелип чыккан божомол боюнча Ош шаарындагы Ж.Бөкөнбаев атындагы № 5 гимназия-мектебинин мугалими Эл агартуунун отличниги Амиразаева Гулнара (пед. стажы 35 жыл), ушул эле мектептин адабият сабагынын мугалими – Сайдиллаев Муслиддин (пед. стажы 16 жыл); Ош шаарындагы «Кыргыз-Түрк достугу» атындагы № 52 таланттуу балдар орто мектебинин мугалими Маматова Асылкан (пед. стажы 27 жыл ); Ош шаарындагы № 42 «Керме-Тоо» мектеп-гимназиясынын мугалими Алманбетова Саадат (пед.стажы 37 жыл); Бишкек шаарындагы № 64 орто мектептин мугалими Райымбекова Клара (пед. стажы 16 жыл); Ысык-Ата районундагы А.Айдаралиев атындагы «Кайырма» орто мектебинин мугалими Курманова Айнур (пед. стажы 17 жыл) биздин экспериментке да активдүү катышышты, баалуу кеңештерин да берип турушту.

Эксперименттин **жыйынтыктоочу этабында** (2014 - 2015-жылдар) VII класстын кыргыз адабияты сабагында Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутуунун мазмунун мүмкүн болушунча так аныктоонун теориялык да, практикалык да мааниси зор экендигине толук ынанып, окуучулардын биз сөз кылып жаткан акындардын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча ала турган билимдеринин мазмунун интерактивдүү окутууга ыңгайлаштыруу, анын натыйжасында ар бир акындын философиялык ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымынын өзгөчөлүгүн баалай билүү, анын негизи катары көрүнгөн көркөм аңдаштыруусун ачып берүү багытында илимий божомолго тактоолор киргизилди. Анда аткарылган иштерди төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

**Таблица 2.** - Эксперименттин акыркы этабындагы окуучулардын билим билгичтиктеринин көрсөткүчү

| | |
|---|---|
| Максаты | Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутуу боюнча иштелип чыккан илимий божомолдун тууралыгын текшерүү, жыйынтыктоо. |
| Милдети | Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча баяндамаларды жасоо, конференцияларга катышуу; изилдөөгө байланышкан макалаларды жарыялоо; сабактын үлгүлөрүн түзүү жана аны мугалимдерге сунуштоо; интерактивдүү окутуунун оптималдуу жолдорун, формаларын иштеп чыгуу. |
| Изилдөөнүн методдору | Мугалимдер менен аңгемелешүү; окуучулар менен аңгемелешүү, анкета өткөрүү; сабактарга талдоо жүргүзүү; интерактивдүү окутуунун моделдерин түзүү, толуктоолорду киргизүү, өркүндөтүү; өтүлгөн сабактарды талдоо, толуктоо. |
| Натыйжалары | Орто мектепте кыргыз адабиятын интерактивдүү окутуунун мазмуну жана формалары такталды; интерактивдүү окутуунун дидактикалык, адабий-эстетикалык жана методикалык принциптери толукталды; кыргыз адабиятын интерактивдүү окутуунун активдүү формалары жана методдору иштелип чыкты; кыргыз адабиятын интерактивдүү окутууга карата мектеп мугалимдерине педагогикалык сунуштар берилди. |

Бул этапта Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутуунун илимий божомолго негизделген сабактын үлгүлөрү биз менен тыгыз байланышта иштешкен мугалимдерге берилип, ал боюнча жалпы болуп алтымыштан ашуун сабак өтүлдү. Сунуштаган интерактивдүү сабактар менен катар параллель класстарда окутуунун салттуу ыкмалар менен текшерүү сабактары да өтүлдү. Негизинен эксперименттик жана текшерүү класстарына 250 дөн ашуун окуучу катышып, алардын алган билими, билгичтиктери жана көндүмдөрү мугалимдер тарабынан текшерилди. Ар бир акындын чыгармачылыгы жана өмүрү тууралуу сабактар суроолор менен бышыкталды. Диссертациянын тийиштүү параграфтарында Назым Хикметтин чыгармалары боюнча он суроо, Муса Жалилдин чыгармалары боюнча он суроо, Расул Гамзатовдун чыгармалары боюнча он суроонун тизмеги берилген.

Сабактар «Булумдун ромашка гүлү», «Инсерт» стратегиясы, «Пазл түзүү», «Кластер түзүү», «Презентация жасоо», «Долбоор түзүү», «Көркөм окуу» сыяктуу бир катар ыкмалар аркылуу жаңычыл өңүттө өттү. Натыйжада, мыкты теориялык билим алган, интерактивдүү ыкмада иш алып барган эксперименттик класстарда аталган акындардын өмүрү, чыгармачылыгы, чыгармаларын талдоо, өздөштүргөн билимдери, ошондой эле, адабий көз караштары текшерүү класстагы окуучуларга салыштырмалуу жогору болду.

Изилдөөдөн келип чыккан натыйжаларды салыштырсак, алар төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдү берди. VII класстын окуучуларынын арасында Назым Хикметтин «Пенденин макулуктай бир түркөйү» чыгармасын талдап, интерактивдүү ыкмалар аркылуу окутуунун

көрсөткүчү 133 окуучудан 115 окуучу эксперименттик класстарда – 86,47% ды көрсөтүп жакшы билимге ээ болушту, 123 окуучудан 65 окуучу текшерүүчү класстарда – 52,84 %ды көрсөттү. Төмөндө биз көрсөткүчтү диаграмма түрүндө бердик.




**Сүрөт 2. - Назым Хикметтин «Пенденин макулуктай бир түркөйү чыгармасын талдоо жана интерактивдүү окутуунун көрсөткүчү, %**

Ал эми Муса Жалилдин «Ишенбе», «Айрылуу», «Доско» аттуу ырларын окуучулар үн кубултуп окуп чыгышып, андан соң мазмунун айтып беришти. Ырлардын мазмуну боюнча кластер түзүштү. Ырдагы лирикалык каармандын көз карашын, ой толгоолору боюнча «пазл» түзүштү. Окуучулар өз алдынча «Достук деген эмне?» аттуу темада долбоор иштеп чыгышып, аны презентациялашты.

Акындардын ырлары боюнча алган билими (ырларын талдоо, көркөм окуу, жаттоо) интерактивдүү ыкмалар менен окутуунун көрсөткүчтөрү 133 окуучудан 109 окуучу эксперименттик класстарда – 81,95% ды түзүп, жогорку билим деңгээлин, 123 окуучудан 61 окуучу текшерүүчү класстарда – 49,60% ды көрсөттү. Төмөндө биз көрсөткүчтөрдү диаграмма түрүндө сунуш кылдык.




**Сүрөт 3. - Муса Жалилдин «Ишенбе, «Айрылуу», «Доско» чыгармаларын талдоо жана интерактивдүү окутуунун көрсөткүчү, %**

Изилдөөбүздүн темасына байланыштуу практикалык иштерде орто мектептин VII класстарынын бардыгында Назым Хикмет менен Муса Жалилдин чыгармаларына караганда, Расул Гамзатовдун автобиографиялык таризде жазылган «Менин Дагестаным» чыгармасын абдан кызыгуу менен окуп чыгышып, андан таасирленишип, өтө дилгирлик менен өздөштүрүшөөрүн байкадык. Анда биз, жогоруда белгилеп кеткендей, «Тил», «Мекен», «Ата Журт» деген негизги темалардын айланасында ой толгоо, эссе, долбоор, дил баяндарды жазышты. Р.Гамзатовдун «Менин Дагестаным» чыгармасын инновациялык өңүттө, интерактивдүү ыкмалар менен окутуунун көрсөткүчтөрү 133 окуучудан 106 окуучу эксперименттик класстарда – 79,98% ды, текшерүүчү класстарга салыштырмалуу жакшы көрсөткүчтү, 123 окуучудан 64 окуучу текшерүүчү класстарда – 52,03% ды көрсөттү. «Менин мекеним», «Менин айылым», «Туулган жердин топурагы алтын» ж.б. темадагы дил баян, презентация, эсселерди жазышты. Көрсөткүчтөрдү диаграмма түрүндө бердик.




**Сүрөт 4. - Расул Гамзатовдун «Менин Дагестаным» чыгармасын талдоо жана интерактивдүү окутуунун көрсөткүчү, %**

## КОРУТУНДУ

Изилдөөдө коюлган максатыбызга жеттик деп эсептейбиз. Бул максатты жүзөгө ашырууда жалпы жыйынтык чыгардык.

1.Чыгыш адабиятынын өкүлдөрү Назым Хикметтин, Муса Жалилдин, Расул Гамзатовдун чыгармаларын окутуу окуу программалары менен окуу китептеринде натыйжалуу орун алганы менен, аларды окуп-үйрөнүүгө берилген сааттардын аздыгы белгиленген. Аталган акындардын чыгармаларына жекече мамиле кылып, автордун берейин деген оюна, дүйнө таанымына, көз карашына таянып, чыгармаларды бүгүнкү күндүн проблемалары менен байланыштырып чечмелөө окуучулардын көркөм чыгармага болгон кызыгуусун, адабий билим деңгээлин арттырары белгиленди.

Программада биздин диссертациялык ишибизге түздөн-түз тиешеси бар бөлүм – «классикалык чыгыш адабиятынан» деген бөлүмү белгиленип, бирок, аталган бөлүмдө карала турган акындардын чыгармаларын окутууга берилген сааттардын аздыгы, ошондой эле класстан тышкаркы окууга сунуш кылынган чыгармалар да берилип, анда чет элдик адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары орун алгандыгы, бирок, кээ бирлеринин көлөмү чоң болгондуктан, окуучулар аны атайын издеп таап, окушпастыгы белгиленди. Биздин оюбузча, сунушталган чыгармалардын ичинен көлөмү анча чоң эмес болгон, тарбиялык мааниси курч чыгармалардан милдеттүү түрдө окуп-үйрөнүү үчүн программага да, окуу китептерине да киргизүү зарыл.

2. Окуучу өз өлкөсүнүн гана адабияты менен маданиятын окуп-үйрөнбөстөн, коңшулаш алыскы жана жакынкы чет элдиктердин адабиятын, искусствосун жана маданиятын окуп, аларды салыштырып, андан жакшы жактарын үлгү кылып алуусу толук мүмкүн. Чыгыш адабиятынын классиктеринин чыгармаларын окутуу окуучулар үчүн өтө кызыктуу. Окуучулар алардын өмүр таржымалы менен чыгармаларын окуп, аны салыштырып, башка өлкөлөрдүн коомдук жана социалдык абалынан кабардар болушат. Окуу китебиндеги маалыматтар чектелүү. Биз аларды ар түрдүү маалыматтык булактардан (интернет сайттардан, даректүү баяндардан, көркөм тасмалардан, көркөм адабияттардан, котормолордон ж.б.) алынган маалыматтар менен окуп-үйрөнүүнү сунуш кылдык.

Акындардын чыгармаларынын өзөгүндө жашоо, дүйнө, адамдык касиет, асыл нарктар, адамкерчилик сыяктуу түрдүү маселелердин камтылгандыгын, алар өз өмүрү жана башынан өткөндөрү дал ушул адамдыктын айланасында болгондугун, анын өмүрү да, өлүмү да патриоттуулуктун туу чокусун даңазалоого мисал боло алаарын окуучунун аң-сезимине киргизип, дилине салууга болгон аракеттин кадамдарын жасоого аракет кылдык.

Дүйнө таанымы уламдан-улам кеңейип бара жаткан жаш балдар жалаң гана өзүбүздүн акын-жазуучулардын чыгармаларын окуп чектелбей, чет элдердин (батыш, чыгыш, боордош коңшулаш, чет өлкөлөрдүн) адабияты, маданияты, акын-жазуучулардын өмүр баяны, чыгармачылыгы, ал чыгармаларда сүрөттөлгөн адамзаттык түрдүү жагдайлар жөнүндө кеңирирээк таанышып, андан эстетикалык ырахат алып, алардагы саясий-социалдык көрүнүштөрдү талдап, анын жакшы жактарын өз турмуштарында колдоно билүүгө аракет кылышат.

3. Н.Хикметтин «Пенденин макулуктай бир түркөйү», «Керээз», «Мажүрүм тал», «Мемедке соңку катым»; М.Жалилдин «Алман элинде», «Ишенбе», «Эрк», «Айрылуу», «Ачынуу саптары», «Кул», «Доско», «Белегим»; Р.Гамзатовдун «Менин Дагестаным» аттуу чыгармаларын

окутуунун салттуу жана интерактивдүү окутууда жалпы билим берүүчү орто мектептердеги адабият сабагынын абалын, андагы артыкчылыктар менен кемчиликтердин көрсөткүчтөрүнө байкоо жүргүзүп, сабактын жүрүшүндө окуучуларга өтүлүп жаткан теманын алкагындагы кээ бир маселелердин кыйынчылык туулган жагдайларын аныктоо менен бирге, аларды чечтетүүдөгү ыңгайлуу ыкмалары сунуш кылынды.

4. Көркөм текст менен иш алып барууда, аны интерпретациялоо, мугалим менен окуучунун чыгармачылык диалогу, предметтер аралык жана предмет ичинде интеграциялоо, адабият аркылуу окуучуларды эстетикалык тарбиялоо, сабактарда заманбап технологияларды колдонуу, адабиятты турмуш менен байланыштыруу, предметтин таасирдүүлүгүн, илимийлүүлүгүн көтөрүү сыяктуу маанилүү маселелерге кыргыз орто мектептерининин адабият мугалимдери анча көңүл бурбай жатышкандыгы тажрыйбалык-эксперимент мезгилинде аныкталды.

Аталган акындардын өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда салттуу жана интерактивдүү окутуунун илимий-методикалык негиздери: формалары менен каражаттары аныкталды, алар эксперименттик жол менен текшерилди жана практикага сунуш кылынды.

Адабиятты окутууда башкы нерсе – окуучуга көркөм чыгарманын идеялык мазмунун жеткирүү. Ушул максатты ишке ашыруу жана окуучуга жеткиликтүү билим берүү үчүн мугалим программанын жана китептин маалыматы менен гана чектелип калбастан, түрдүү ыкмаларды пайдаланып, кызыктуу маалыматтар менен коштолгон сабакты өткөрүүгө милдеттүү.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

- Адабияттын мектеп курсундагы «Классикалык чыгыш адабиятынан» деген бөлүмүндө чыгыш акындарынын чыгармаларын окутууда системалуу, ырааттуулукта, бир бөлүм экинчиси менен тыгыз байланышта жүргүзүү жагы окуу программасын түзүүдө, окуу китептерин жазууда жетекчиликке алынуусу зарыл.
- Окуучулардын адеп-ахлактык, адабий-эстетикалык билим деңгээлин Назым Хикмет, Муса Жалил, Расул Гамзатовдун чыгармаларын окутуу аркылуу калыптандыруу максатында республиканын мектептеринде интерактивдүү окутуу иштерин алга жылдырууга көмөк көрсөтүүчү мектептердин алдында ар кандай чыгармачыл иштерди уюштуруу, окуучулардын өздөрүнүн чыгармачыл аракетин жөнгө салуучу сабактын пландарын түзүү жана жүзөгө ашыруу зарыл.
- Республиканын жер-жерлериндеги мектептердеги окуучулардын адабият сабагын өздөштүрүүсү мугалимдердин ишмердүүлүгү менен чыгармачылыгына түздөн-түз көз каранды. Демек, мугалимдер үчүн бир катар социалдык, моралдык жана материалдык иш-чаралардын болуусу зарыл.

**Изилдөөнүн мазмуну жана негизги жыйынтыктары диссертанттын төмөнкү эмгектеринде чагылдырылган:**


**1. Тилекова, Н.Д.,** Мектеп курсунда чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн үйрөтүүнүн актуалдуу маселелери. [Текст] / Н.Д.Тилекова // ОшМУ жарчысы. №4 - чыг. –Ош, 2015. -199-203-бб.

**2. Тилекова, Н.Д.,** Расул Гамзатовдун чыгармаларындагы «Мекен» темасы. [Текст] / Н.Д.Тилекова // Эл агартуу, 2015.-№ 3-4.-8-12-бб.

**3. Тилекова, Н.Д.,**.Муса Жалилдин чыгармаларын талдоо жана аларды окутуу ишмердүүлүгү. [Текст] ] / Н.Д.Тилекова // ОшМУнун жарчысы. № 4 3-чыгарылыш. –Ош, 2015. -262-267-бб.

**4. Тилекова, Н.Д.,** Классикалык чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн интергациялап окутуу. [Текст] / Н.Д.Тилекова // Наука, новые технологии и инновации, 2015. № 3. -204-207-бб.

**5. Тилекова, Н.Д.,** Расул Гамзатовдун «Менин Дагестаным» чыгармасын окутуу. [Текст] / Н.Д.Тилекова // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. (атайын чыгарылыш). –Бишкек, 2015. -478-482-бб.

**6. Тилекова, Н.Д.,** Назым Хикметтин чыгармаларын окутуу. [Текст] / Н.Д.Тилекова // Известия ВУЗов, 2015. №1. -239-243-бб.

7. **Тилекова, Н.Д.,** Чыгыш адабиятынын үлгүлөрүнүн окуу китептеринде, программада берилиши. [Текст] / Н.Д.Тилекова // ОшМУнун жарчысы. № 4 1-чыгарылыш. –Ош, 2015. -157-161-бб.

**8. Тилекова, Н.Д.,** Эффективность использования дидактических принципов и инновационных технологий в обучении. [Текст] / Н.Д.Тилекова // Вестник Чебоксары-2016. № 1 (5). Материалы V Международной научно-практический конференции «Инновационные технологии в науке и образовании. USSN 2413-3981 стр.269-275

**9. Тилекова, Н.Д.,** Чыгыш адабиятынын мурастарын окутуунун методикалык мазмуну жана формалары. [Текст] / Н.Д.Тилекова // НОТ №1(55). –Ош, 2016. 107-114-бб.

**10. Тилекова, Н.Д.,** Чыгыш адабий мурастарынын үлгүлөрүн окутуунун тажрыйбаларынан (Муса Жалил, Расул Гамзатов, Назым Хикмет). [Текст] / Н.Д.Тилекова // Известия ВУЗов. №3. –Бишкек, 2016. -163-167-бб.

**11. Тилекова, Н.Д.,** Актуальные вопросы изучения восточной поэзии в школьном курсе литературы. [Текст] /Н.Д.Тилекова // Проблемы современной науки и образования. НМЖ. РФ. - Иваново, 2016. №8(50) стр. 99-101.

**12. Тилекова, Н.Д.,** Педагогическое содержание и формы обучения наследию восточной литературы. [Текст] /Н.Д.Тилекова // Проблемы современной науки и образования. НМЖ. РФ. -Иваново, 2016. №14(56) стр. 109-113.

Тилекова Назира Дүйшөбаевнанын **«Мектептин VII классында чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн окутуунун негиздери (Муса Жалил, Расул Гамзатов, Назым Хикмет)»** аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын


**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** окутуу жана тарбиялоо процесси, методология, дидактика, инновация, интерактивдүүлүк, окутуунун салттуу формалары, интеграция, түрк элдеринин адабий мурастары, чыгыш поэзиясы.

**Изилдөөнүн обьектиси:** чыгыш адабиятынын үлгүлөрү жана аларды кыргыз адабияты сабактарында окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** чыгыш адабиятынын үлгүлөрүндөгү адабий-эстетикалык, тарбиялык идеялар, аларды адабият сабактарында өздөштүрүүнүн заманбап технологиялары.

**Изилдөөнүн максаты:** Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин чыгармачылыгын бүгүнкү күндүн талаптарына ылайык окутуу, окуучуларга адабий-эстетикалык билим берүүнүн бирдиктүү багытын, бир бүтүн системасын аныктоонун педагогикалык, илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору:** билим берүү боюнча нормативдик документтерди үйрөнүү, адабий-теориялык, педагогикалык жана методикалык адабияттарга анализ, практик мугалимдердин иш тажрыйбаларын үйрөнүү, окуучулар менен анкеталык иштерди жүргүзүү, аңгемелешүү, байкоо жүргүзүү, педагогкалык эксперимент ж.б.

**Илимий жаңылыгы**. Буга чейин мектеп программасы сунуш кылган чыгыш адабиятынын үлгүлөрүнүн, анын ичинде Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин өмүрү, чыгармачылыгын окутуунун илимий-методикалык негиздерин түзүп, аталган акындардын чыгармаларындагы адабий-эстетикалык билим берүү проблемасын көтөргөн бир да эмгек болгон эмес. Бул эмгекте адабий билим берүүнүн теориясы жана практикасы, идеялык бай мазмунга ээ адабий чыгармалар аркылуу билим берүүнүн мазмунун аныктоо, аны чечүүнүн жолдору алгач ирет колго алынып жатат. Расул Гамзатов, Муса Жалил, Назым Хикметтин өмүрү, чыгармачылыгын окутуунун дидактикалык үлгүсү алгачкы жолу иштелип, окуу процесси үчүн педагогикалык технологиясы сунуш кылынып олтурат.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:** Изилдөөдөн келип чыккан натыйжаларды мектеп программалары менен окуу китептеринин мазмунун өркүндөтүүдө, окутуу-тарбиялоо процессинде пайдаланса болот. Адабият сабагында аталган акындардын чыгармачылыгы боюнча лекцияларды уюштурууда, атайын курстар менен атайын семинарларда ушул багыттагы проблеманы терең анализдөөгө, жогорку окуу жайларында, мугалимдердин билимдерин өркүндөтүүнүн курстарында, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча лекцияларда, практикалык сабактарда колдонсо болот.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Тилекой Назиры Дуйшобаевны на тему «Научно-методические основы изучения произведений литературы Востока в VII классе общеобразовательной школы (творчество Мусы Джалиля, Расула Гамзатова, Назыма Хикмета)» на соскание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызская литература)**

**Ключевые слова:** методика преподавания кыргызской литературы, литературное наследие Востока, восточная поэзия, этнокультурно ориентированное обучение, инновационные технологии, интерактивные и традиционные методы обучения, педагогическое сопряжение языков и культур.

**Обьект исследования:** процесс совершенствования методики преподавания кыргызской литературы в общеобразовательной школе с кыргызским языком обучения.

**Предметом исследования** являются научно-методические основы методики изучения произведений восточной литературы с учетом современных технологий обучения в 7-х классах кыргызской школы.

**Целью исследования** является разработка научно-методических основ изучения произведений восточной литературы в VII классе кыргызской школы.

**Методы исследования:** изучение научной, педагогической, методической литературы по теме исследования; изучение и обобщение передового педагогического опыта; педагогическое наблюдение учебного процесса и его анализ; педагогический эксперимент; оценка работ; сравнительно-сопоставительный анализ; количественная и качественная обработка материалов эксперимента.

**Научная новизна:** впервые разработана и экспериментальным путем доказана эффективность методики этнокультурно ориентированного изучения произведений восточной литературы, в частности жизни и творчества Назыма Хикмета, Мусы Джалиля и Расула Гамзатова в VII классе общеобразовательной школы с использованием современных технологий обучения.

**Практическая значимость исследования:** результаты разработанной и экспериментально проверенной методики этнокультурно ориентированного изучения произведений восточной литературы могут быть использованы при разработке новых и корректировке действующих программ, учебно-методических пособий; составлению этнокультуроведческих словарей и комментариев к произведениям; в материалах лекционных и практических занятий по методике преподавания кыргызской литературы в вузах, а также на курсах повышения квалификации учителей.

**SUMMARY**

**of the thesis research of Tilekova Nazira Diushebaevna on theme «Basis of the study of oriental literature samples at VII forms of comprehensive school (Musa Dzhalil, Rasul Gamzatov, Nazym Hikmet)» procuring the degree of candidate of pedagogical science with a specialization in 13.00.02- Theory and methodology of training and education (Kyrgyz Literature).**

**Content word:** the teaching and educative process, methodology, didactics, innovation, interactivity, traditional forms of learning, literary heritage of Turkic people, Eastern poetry.

**Object of research:** samples of oriental literature and process of learning the mat the lessons of native literature, at comprehensive school in Kyrgyz language learning.

**Subject of research** is literary-aesthetic and educational ideas in oriental literature and modern technology teaching at the school curricula of native literature.

**Research objective** is developing the basis of the study of oriental literature samples at VII forms of comprehensive school.

**Methods of research:** analysis of scientific, pedagogical, methodical literature on the theme of the research; studying and generalization of the advanced pedagogical experience; lesson observation and its analysis; pedagogical experiment; review study; analysis; quantitative and qualitative processing of materials.

**Scientific Novelty:** firstly developed and experimentally verified the method of study of oriental literature samples at VII form of comprehensive school using new studying technologies based on creation of Musa Dzhalil, Rasul Gamzatov, Nazim Hikmet.

**Practical Implication:** developed and experimentally verified method of study of oriental literature samples can be recommended to use in teaching practice of native literature in Kyrgyz school. As well as the results of the research can be used in developing new and optimizing the ongoing programs, students' books, study guides in native literature for comprehensive schools in kyrgyz language learning, in-service teacher training, etc.

Басууга 24.10.2016-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16. Офсет кагазы
Көлөмү 1.75 б.т., Нускасы 100 экз.

КББАнын «Билим» басма борбору
Бишкек ш., Эркиндик бул. 25